DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Токтосунова Г.М.*

# «ЖЕТИ-СУУ ОБЗОРУ» МЕЗГИЛДИК БАСМА СӨЗҮНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮНДҮГҮНДӨГҮ СООДА-САТЫКТЫ ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАГЫ КАТАРЫНДА

*Токтосунова Г.М.*

# МАТЕРИАЛЫ ПЕРИОДИЧЕСКОГО ИЗДАНИЯ «СЕМИРЕЧЕНСКИЙ ОБЗОР» КАК ИСТОРИЧЕСКИЙ ИСТОЧНИК ПО ИЗУЧЕНИЮ ТОРГОВЫХ ОТНОШЕНИЙ В СЕВЕРНОМ КЫРГЫЗСТАНЕ

*G.M. Toktosunova*

# THE DATA OF PERIODICAL PUBLICATION « SEMIRECHENSK REVIEW» AS A HISTORICAL SOURCE OF STUDY OF TRADE RELATION IN NORTHERN KYRGYZSTAN

*УДК: 94(5)(575).2*

*Бул илимий макала «Жети-Суу обзору» мезгилдик басылмасында камтылган Жети-Суу облусунун мал чарбасы, ички жана тышкы соода байланыштары тууралуу берилген маалыматтарга арналган. Жети-Суу облусундагы мал чарбачылыктагы чийки затты иштетүү процесси, малдын ичегисин тазалоочу жана тери заводдору менен жүн жуучу ишканалардын, фабрикалардын өнүгүшү жана чийки заттарды сыртка алып чыгуу жөнүндө маалыматтарды талдоого аракет жасалган. Макалада Жети-Суу облусунда мал чарба продукциясынын өнүгүшүнүн абалы менен бирге малды, жүндү сыртка алып чыгуунун динамикасы, ошондой эле облустун ар кайсы пункттарындагы дан менен ундун тыйын менен белгиленген баасынын (пуд менен өлчөнгөн) динамикасы көрсөтүлгөн. Макаланын алкагында «Жети-Суу обзорунда» жарыяланган соода-сатыкка байланыштуу тарыхый фактыларды илимий айлампага киргизүүнүн ыкмалары потенциалдык илимий маалыматтарды илимий айлампага киргизүү маселеси каралган.*

***Негизги сөздөр:*** *мал чарбачылык, чийки заттар, жүн, тери, завод, фабрика, соода, товар, Жети-Суу облусу, уезд, калктуу конуштар, динамика.*

*Данная статья посвящена историческим данным периодического издания "Семиречинской обзор", включающегося источников по животноводству Семиреченского района, внутренним и внешним торговым связям этого региона. В рамках работы была предпринята попытка проанализировать данные о процессе разработки сырья на базе животноводческой фермы, очистки кишечника домашних животных и вывоза сырья из Семиреченского района. В статье описывается состояние и уровень животноводства, динамика экспорта шерсти, а также динамика соотношения цен на хлеб и зерно в различных местах. В рамках работы был поднят вопрос о внесении в научный оборот исторических фактов, связанных с торговой деятельностью, которые отражены в периодическом издании "Семиречинский обзор".*

***Ключевые слова:*** *животноводческая ферма, сырье, шерсть, кожа, завод и фабрика, торговля, товар, Семиреченская область, уезд, населенные пункты, динамика.*

*This paper is devoted to the historical data of periodical publication "Semirechinskoy obzor" that comprises sources on Zheti-Suu region's cattle farm, internal and external trade relationships of this region. As part of the work, an attempt was made to analyze data on the process of developing raw materials on the basis of a livestock farm, cleaning the intestines of domestic animals and the taking raw materials out from Zheti-Suu region. The article describes, along with the state and level of livestock production, the dynamics of wool exports, as well as the dynamics of the ratio of prices for bread and grain in different places. In the framework of paper, was raised the issue relating to the entering the historical facts that related to trade activity into scientific field which are reflected in periodical publication "Semirechinskiy obzor".*

***Key words:*** *cattle farm, raw materials, wool, leather, plant, factory, trade, goods, Semirechensk region, county, human settlement, dynamics.*

Бүгүнкү, төңкөрүшкө чейинки крайдын тарыхы изилденип жаткан учурда дал ушул Пишпек жана Вернен уезддери Туркестандын башка аймактары менен болгон соода транзити катары жана Россия менен темир жолдун аркасы менен негизги соода жолу катарында болгон. Өз ичине Жети-Сууну жана бүтүн Түркестан крайын бүткүл россиялык рынокко камтыган темир жолдун курулушу соода менен ишкерликтин өнүгүшүнө түрткү болгон. Облустагы сооданын өнүгүшүн изилдеп жатып, сатып алуу жана сатуу менен алектенген адамдарды үч топко бөлсө болот: облус ичинде айрым бир аймактарда гана соода кылууменен чектелген майда соодагерлер, көбүнчө орто азиялык аймактарда соода жүргүзгөн алыпсатарлар жана үчүн-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



чүсү көпөстөр – соода-өндүрүш капиталынын өкүлдөрү. Күнүмдүк тиричилик керектөөлөрүнүн сурамын канааттандырган майда соодагерлер көпчүлүгү жергиликтүү калктын өкүлдөрү болгон. Алардын башкы соодасы малчылар менен дыйкандар ортосундагы товар алмашууну камсыз кылуу менен болгон, демек шаарлар, калк конуштар жана көчмөн айылдар ортосунда жүргүзүлгөн. Алардын арасында чүпүрөкчүлөр, эски буюм сатуучулар, иштетилбеген тери жана койдун жүнүн сатып алуучулар болгон. Ошондой эл алардын арасында отун, жемиш, эт, беде, үн, бал, квас, чай, тамеки, самын, май, жумуртка, галантерея товарларын ж.б. сатуучу соодагерлер бар эле. Экинчи топ алыпсатарлар, алар товарларды, биринчи кезекте малды көп санда сатып алып, облустундан тышкары алып чыгып, негизинен Анжиян базарында саткан. Алар насыя операцияларын, вексельдерди колдонушкан. Үчүнчү топту бардык ири заводдордун ээлери - Пугасов, Романенков, Дюршмидт түзгөн, булардын баары түздөн-түз өндүрүш менен алектенген [3, 21].

Облустан тышкары чыгуу облуска алып кирүүгө салыштырмалуу кыйлага аз. Тышкары алып чыгуунун негизги багытын шарттуу түрдө үчкө бөлсө болот: иштетип чыгуу мал чарбачылыгынын, дыйканчылыктын жана өндүрүш жайлардын продукциясы. Обзорлор кеңири материалды камтыйт. Соода бөлүгү ошондой эле кеңири маалыматтан турат, алар ички жана тышкы болуп бөлүнгөн. Бул маалыматтар боюнча айыл чарбанын, өндүрүш жайлардын айрым багыттарынын тигил же бул мезгилдеги өсүшүн аныктоо мүмкүн. Сооданы изилдөөдөгү башкы кемчилдик отчеттордун ар түрдүүчө түзүлгөнүндө.

*Таблица 1*

**Жети-Суу облусунан малды тышка алып чыгуунун динамикасы [4, 23]**

| Кайда жөнөтүлгөн | Өндүрүшкө түшкөн мал, 1000 /башына | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 1902 | 1903 | 1905 | 1907 |
| Сыр-Дарыя облусу | 404,3 | 276,2 | 292,5 | 1339,0 |
| Фергана | 289,3 | 402,5 | 405,0 | 727,6 |
| Семипалатинск | 30,7 | 71.1 | 65,9 | 9,0 |
| Акмолинск | 34,2 | 21,0 | 28,5 | 24,0 |
| Россия | 0,6 | 0,6 | | 1,1 |
| Баары | 759,1 | 771,4 | 791,0 | 2100,7 |

Жети-Суу облусунан малды тышка алып чыгуу жыл сайын көбөйдү. Эгерде 1902-ж. Ал 759,1 түзсө, андан ары улам өсүү болуп турган жана бир эле 1907-жылда кескин түрдө өсүү болгон. Болгондо да анын баары тышкарыга эмес, Россияга да эмес, болгону коңшу облустарга чыгарылган. Өндүрүм малды тышка чыгаруунун динамикасынын бул вектору бир тараптан губернаторлуктун облустарынын интенсивдүү адистерилишинин уланышын билдирет да Жети-Суу облусу башкы эт менен камсыздоочу болот, ал эми 1907-жыл ичиндеги кескин өсүү Россиянын борбордук райондорунун калкы Орто Азиянын губернияларына келиши менен түшүндүрүлөт. Чийки затты тышка чыгаруунун багыты өзгөрөт.

*Таблица 2*

**Жети-Суу облусунан жүндү тышка алып чыгуунун динамикасы [5]**

| Кайда жөнөтүлгөн | жүн, миң, пуд. | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 1902 | 1903 | 1905 | 1907 |
| Сыр-Дарыя облусу | 21,7 | 28,0 | 72,0 | 267,0 |
| Фергана | – | – | – | – |
| Семипалатинск | 217,7 | 289,0 | 233,2 | 97,0 |
| Акмолинск | – | – | 0,2 | 0,2– |
| Россия | 18,1 | 22,6 | 11,4 | 23,0 |
| Баары | 257,5 | 339,6 | 316,8 | 387,0 |

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



1902-жылдан 1907-жылга чейинки 5 жыл ичинде жүндү тышка алып чыгуу 120 миң тоннага, 50%га өскөн. Россияга жүндү алып чыгуу отчет боюнча 7-8%дан ашкан эмес, аныгында анын көбүрөөк бөлүгү Сыр-Дарыя облусунан Олия-Ата уездик базары аркылуу андан ары Ташкенден темир жолу боюнча Россияга жана батыш өлкөлөрүнө кеткен, дагы Семипалатинск кеме жолу аркылуу да россиялык базарларга келип түшкөн, ошондой эле Жаркент аркылуу Кулжага, андан ары Кытайга кеткен. Кытайга жөнөтүлгөн жаңы товарлар товар жүгүртүүдө кандайдыр бир мааниге ээ болгон эмес. Анткени бул учурда Туркестан губернаторлугунун жүн жууучу фабрикалары товар жүгүртүүдөгү бардык жүндү толугу менен камтый алышкан эмес. Бирок Казакстанда төңкөрүшкө чейин Семипалатинск облусундагы жүн жууучу фабрикалар Жети-Суу облусуна салыштырмалуу көбүрөөк өнүккөн.

*Таблица 3*

**Жети-Суу облусунан ичегилерди тышка чыгаруунун динамикасы [6]**

| Кайда жөнөтүлгөн | Ичеги , миң, пуд. | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 1902 | 1903 | 1905 | 1907 |
| Сыр-Дарыя облусу | | 0,9 | 0,6 | 2,4 |
| Фергана | | – | – | – |
| Семипалатинск | | 7,4 | 1,2 | 1,4 |
| Акмолинск | | - | – | – |
| Россия | | - | – | – |
| Баары | | 8,3 | 1,8 | 3,8 |

Жүн Жети-Суу облусунан негизинен Пржевальск, Ысык-Көл жана Верненск уездеринен тышка чыгарылат. Бул жактан чыгырылууучу жүн – жарым уяң болуп, кашгарлык жана хоросандык жүндөрдүн сапатынан төмөн болсо да, россиялык жүн иштетүү өндүрүшүндө көрүнүктүү орун ээлеген жана кездеме чыгаруучу ири фабрикалардын ээлеринин баарынын Түркестанда өздөрүнүн сатып алуу конторалары болгон. Ошол мезгилде "Стукен менен К" фирмасы артыкча мааниге ээ эле. Облустан тышка чыгарылууучу мал чийки затынын дагы башка түрлөрүнөн ичегилерди, оор жана жеңил тери чийки заттарын тышка чыгарууну келтирсе болот.

1914-жылы крайдын ичеги менен соода кылуусунда монополиялык орун ээлеген "Дюршмидт" немец фирмасынын жылдык өндүрүшү 1.624 миң даана ичегини 508 миң руб. жеткен. Райондон ичегини тышкары чыгаруунун төмөндөшү экономиканын абалы менен түшүндүрүлөт, анда 1903-1905-жылдарда Г.В. Дюршмидт каза болгондон кийин облуста ичеги тазалоо өндүрүшү жана ичегини чет өлкөгө чыгарууга болгон монополия жоголо баштайт.

Өндүрүштүк иштетип чыгаруу жана тышка чыгаруудагы маанилүү өзгөрүүлөргө банк капиталы катыша баштайт. 1916-жылы Орус-Азия банкы акционердик Батыш-Азиялык соода-өндүрүш коомун түзүүнү финансылайт, ал коом бул тармактын эки ири - "Г.В. Дюршмидттин мураскерлери" жана "А.В. Емельянов менен В.Г. Сорокин" фирмасынын бардык ишканаларын камтыш керек эле. «А.В. Емельянов менен В. Г. Сорокин» соода үйү мал чарбачылыгынын чийки заттарын (кой терисин, ичегини) сатып алуу, сорттоо, иштеп чыгаруу жана сатуу, тазалоо, самын жасоо жана люцерна сатуу менен алектенген, ал соода үйү ветеринар-врач А.В. Емельянов менен петербургдук 1-гильдиядагы көпөс В.Г. Сорокин тарабынан негизделген. Төңкөрүш болбогондо банк капиталынын облуска жайылышы аркылуу мал чарбачылыгынын продукцияларынын өндүрүшү тирүү малдан баштап продукция иштетүүчү өндүрүш жайларына чейин монополизацияланып, андан ары Батыш Европа, ошондой эле Америка менен байланышын өнүктүрмөк. Эки ири фирманын бириккенинен кийин америкалык тараптын өкүлдөрү менен мал чарбачылык продукциясынын жарым фабрикаттарын тышка чыгаруу боюнча алдын ала келишим түзүлгөн. Бул жөнүндө, чет өлкөлүк капиталдын Орто Азияда болушу жөнүндө изилдөөчүлөр төмөнкүдөй фактыларды келтирет: "1917-жылдын январынын ортосунда Армордон жооп алынган, анда ал бул ишке кызыкканын жана долбоорлонуп жаткан ишке эки америкалык мал өндүрүүчүлөрдү жана Нью-Йорктогу «National City Bank» тартуу оюн билдирген. Буга байланыштуу америкалык инженерлер менен өндүрүштүн ар кайсы түрлөрү боюнча адистердин курамынан турган экспедициянын Жети-Суруга баруусу болжолгон. 1917-жылдын 18-январында А.И. Путилов Дыйканчылык министрлигинин уруксаты менен Нью-Йоркко Петроградга эксперттери менен ыйгарым укуктуу адамдарынын келүүсүн тездетүү каалоосун билдирип телеграмма жиберген [2]. Ошентип, 1917-жылы россиялык финансылык капитал мал чарбачылыктын чийки затын иштетүү процессинин баарын – атайын мал чарба ишканасында мал багуудан баштап, ичеги тазалоочу жана тери заводдору менен жүн жучу ишканаларда даяр жарым фабрикаттарды алууну монополизациялоого аракет жасаган. Көчүрүлгөндөр тарабынан Жети-Сууну өздөштүрө баштагандан баштап дан өсүмдүктөрү активдүү өстүрүлүп, данды товар катары өндүрүү өнүгөт. Жылдан жылга нан сатуу көбөйөт. Пахта эгүүчү райондордогу, мал чарбачылык райондорундагы, Жети-Суунун түштүк-чыгыш бөлүгүндөгү жана Семипалатинсктеги данды керектөө өскөн да ал жерлерде иштетип чыгуу өндүрүшү көбүрөөк жайылтыла баштайт.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Таблица 4*

**Жети-Суу облусунан тышка нан чыгаруунун динамикасы (миң. пуд) [7, 21]**

| Кайда жөнөтүлгөн | нан, миң. пуд. | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 1905 | 1906 | 1907 | 1908 | 1909 |
| Сыр-Дарыя жана Фергана областары | 303 | 326 | 455 | 850 | 881 |
| Семипалатинск | 222 | 227 | 466 | 825 | 1204 |
| Акмолинск | 21 | 32 | 110 | 110 | 120 |
| Чыгыш Туркестан | 96 | 103 | | | 107 |
| Баары | 643 | 728 | 1031 | 1885 | 2312 |

Жети-Суудан Түркестанга кеткен почта жолу ири соода жолу болгон, ал жол менен дайыма Жети-Суудан нан жүктөлгөн жүк арабалар өтүп турган, ал эми ал жактан кайра Жети-Сууга мануфактура, метал буюмдары жана башка товарлар менен жүктөлгөн жүк арабалары өтүп турган [11, 147]. “Темир жол жок учурда товарларды ташуу жук арабалар менен жургүзүлгөн: орустар менен дунгандар Верныйдан пудуна 2 рубльден Ташкентке чейин, ал эми Ташкенттен Верныйга 1 рульга ташып турушкан. Жер которуп келгендер жазында, жер айдоо жана себүү аяктап калгандан кийин жана дан жыйналгандан кийин жүк ташуучу” [2, 73].

А.Б. Джаманкараев өзүнүн “Кыргызстанда XIX кылымдын аягында XX кылымдын башындагы сооданын өнүгүшү” изилдөөсүндө, “Жети-Суу облусу, анын ичинде Кыргызстандын Түндүгү данды сатуудада, малды сатууда да бир жактан пахта айдаган райондордун сурамына, биринчи кезекте Фергана өрөнү менен Сыр-Дарья облусунун калкынын керектөөсүнө, экинчи жактан – иштетүүчү жана мал чарба өндүрүшү көбүрөөк же азыраак өнүккөн Семипалатинск менен Акмола облустарынын сурамына көз каранды болгон» [1, 50] деген тыянакка келген.

*Таблица 5*

**1912-жылдын 15-декабрында облустун ар кайсы пункттарындагы дан менен унга болгон пудуна тыйын менен белгиленген баа** [8,9,10].

| | Арпа | Таруу | Сулу | Буудай | Буудай уну |
|---|---|---|---|---|---|
| Верный | 38-40 | 50-55 | 40-45 | 40-42 | 45-55 |
| Зайцевск | 30-35 | 30-35 | 35-40 | 35-38 | 45-55 |
| Джаркент | 44-55 | 35-45 | 45-55 | 60-70 | 75-85 |
| Пржевальск | 28-31 | 70-75 | 45-60 | 45-60 | 55-75 |
| Токмок | 38-40 | 35-40 | | | 62-65 |
| Пишпек | 35-40 | 45-55 | 45-50 | 50-60 | 70-75 |
| Копал | 50-70 | | 30- 50 | 40-60 | 50-70 |
| Лепсинск | 60-80 | 100-120 | 25-30 | 30-40 | 40-45 |
| Урджар | 28-32 | 30-35 | 35-36 | 35-40 | 50-60 |
| Сергиопол | | | 55-60 | 65-70 | 80-72 |
| | 39-47 | 44-51 | | | 58-65 |

Жогоруда келтирилген таблицада көрүнүп тургандай, Верныйдан тышкары тыгыз соода байланышы бар же чекара жанындагы райондорго жакын жайгашкандыгынын эсебинен облустук шаарларда же транзиттик шаарларда унга болгон баа 15-20 пунктуга кыйла жогору. Бул өзүнүн жайгашкан жерине жараша сурам көп болгон жерде тышка чыгарылып жаткан товарларынын баарынын баасы, жер которуп келгендердин дыйканчылыкты өнүктүргөнүнө карабастан кыйлага жогору болгону жөнүндө айтып турат. Бул ушул райондордо продуктылар артыкча тышка чыгаруу үчүн өстүрүлө баштатаганын билдирип турат.

Маалыматтык кайтарымды жогорулатуу жана обзорлордогу ички жана тышкы соода жөнүндөгү маалыматтарды илимде толук кандуу колдонууга киргизүү үчүн обзорлордо атайын булак таануучулук анализ жүргүзүү керек, алар салыштырма маалыматтардын которулушу менен болгон динамикалык катарды түзүүдө облустагы сооданын, негизинен облустан мал менен мал чарбачылыгынын продуктыларын чийки түрүндөгү тышка чыгарышынын бардык көп кырдуулугу менен өзгөчөлүктөрүн аныктоого мүмкүндүк берет.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



**Адабияттар:**

1. Джаманкараев А.Б. Развитие торговли в Киргизии в конце XIX начале XX вв. - Фрунзе, 1965. - 132-б.
2. Лавров М.В. Туркестан: география и история края. - Москва-Петроград, 1916. - 203-б.
3. Обзор Семиреченской области за 1902 г. Приложение к всеподданнейшему отчету. - Верный, 1903;
4. Обзор Семиреченской области за 1903 г. Приложение к всеподданнейшему отчету. - Верный, 1904;
5. Обзор Семиреченской области за 1904 г. Приложение к всеподданнейшему отчету. Верный, 1905;
6. Обзор Семиреченской области за 1905 г. Приложение к всеподданнейшему отчету. Верный, 1906;
7. Обзор Семиреченской области за 1906г. Приложение к всеподданнейшему отчету. Верный, 1907;
8. Обзор Семиреченской области за 1907 г. Приложение к всеподданнейшему отчету. Верный, 1908;
9. Обзор Семиреченской области за 1908 г. Приложение к всеподданнейшему отчету. Верный, 1909.
10. Описание Семиреченской области. - СПб., 1914.
11. Алибек С.Н. Из истории культурного строительства в Сырдарьинской и Джетыогузской областях (1917-1928) // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2008. - №5-6. - С. 147-148